Предмет: Химия

Сабактын темасы: Металлдар жана металл эместер

Класс: 7-класс

Мектеп:№87 мектеп

Мугалими:Өмүралы кызы Айтолкун

Сабактын максаты:

Окуучулар металлдар жана металл эместердин негизги касиеттерин, айырмачылыктарын жана колдонулушун өздөштүрүшөт.

Күтүлүүчү натыйжалар:

Сабактын аягында окуучулар:

- Металлдар менен металл эместерди айырмалай алат;
- Физикалык жана айрым химиялык касиеттерин түшүндүрөт;
- Периоддук системадан металл жана металл эмес элементтерди таба алат;
- Турмушта колдонулушуна мисал келтирет.

Сабактын тиби:

Жаңы билимди өздөштүрүү

Сабактын ыкмалары:

Суроо-жооп, топтук иш, талкуу, байкоо

Көрсөтмө куралдар:

Периоддук система, презентация, таблицалар, сүрөттөр

№	5E модели	Иш аракет
1	1Этап Кызыктыруу	👉 Максат: темага болгон кызыгууну ойготуу Мугалим төмөнкү суроолорду берет: • Эмне үчүн зымдар жезден жасалат? • Алтын эмнеге дат баспайт? • Көмүр жана күкүрт кандай заттарга кирет? Окуучулар өз ой-пикирин айтышат.
2	2Этап Изилдөө	👉 Мугалим багыт берет, даяр жооп айтпайт. Окуучулар 3–4 топко бөлүнөт. Ар бир топко заттардын аттары же сүрөттөрү берилет (темир, жез, алюминий, күкүрт, кычкылтек, көмүр). **Тапшырма:** • Заттарды металл жана металл эмес деп бөлүү; • Кайсы белгилерине карап бөлгөнүн түшүндүрүү.

<table>
<tr><td></td><td></td><td>
</td></tr>
<tr><td>3</td><td>3Этап Түшүн дүрүү</td><td>Максат:Металл жана металл эместердин касиеттерин аныктоо
Мугалимдин түшүндүрмөсү:
Металлдар:
• Электр жана жылуулукту жакшы өткөрөт;
• Жылтырак;
• Ийилчээк жана созулма;
• Көбү катуу абалда болот (сымаптан башкасы).
Металл эместер:
• Электр өткөрбөйт (графит – өзгөчө);
• Көбү морт;
• Катуу, суюк же газ абалында болот;
• Жылтырабайт.
Периоддук системада:
• Сол жана борбордук бөлүгүндө – металлдар;
• Оң жогорку бөлүгүндө – металл эместер.
• Металлдар:
• Жылтырак;
• Электр жана жылуулукту жакшы өткөрөт;
• Ийилчээк жана созулма;
• Көбү катуу абалда болот (сымап – өзгөчө).
• Металл эместер:
• Көбү морт;
• Электр өткөрбөйт (графит – өзгөчө);
• Ар кандай абалда болот (катуу, суюк, газ);
• Жылтырабайт.
• Периоддук системада:
• Сол жана ортосунда – металлдар;
• Оң жагында – металл эместер.
• Тапшырма: Таблица толтуруу
<table>
<tr><th>Белги</th><th>Металлдар</th><th>Металл эместер</th></tr>
<tr><td>Электр өткөрүмдүүлүк</td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>Сырткы көрүнүш</td><td></td><td></td></tr>
</table></td></tr>
</table>

		<table><tr><td>Абалы</td><td></td><td></td></tr></table> Окуучулар мисалдар менен толтурушат.
4	4Этап Кеңей түү	**Максат:**Окуучулар алган билимин турмуш тиричиликте колдоно алышат. Топтук иш: • 1-топ: Металлдардын турмуштагы колдонулушу • 2-топ: Металл эместердин жаратылыштагы ролу • 3-топ: Металлдар менен металл эместердин айырмачылыктары (таблица) Топтор ишин коргоп чыгат.
5	5Этап Баалоо	**Рефлексия:** “Бүгүн мен эмнени үйрөндүм?”_____ _____ «Кайсы маалымат мага кызыктуу болду?»_____ _____ **Үй тапшырма:** 1. Металлдар жана металл эместер боюнча салыштырма таблица түзүү. Периоддук системадан 10 металл жана 5 металл эмес элемент жазуу